
# Тема:Жалал ад-Дин Руми

Кылды: Сагынбаева Сезим 8-В класс
Текшерди:Уметалиева Синакуль Рыскельдиевна



Негизги биринчи аты, теги – Мухаммед ибн Мухаммед ибн Хусайн Хусайни Хатиби Бакри Балхи.


- Акын 1207-жылы 30-сентябрда Балх шаарында диний аалымдын үй-бүлөсүндө туулган делет.
- Атасы Баха ад-Дин Валад (1148-1231) эл тарабынан "Акылмандардын Султаны" деген атак атка арзыган, анткени ал илим-билимдүү адам болгон.
- Жигиттик кезде устазы эсептелген атасы каза болуп, 1232-жылдан аяш атасы Саид Бурханедден илим алуусун уланткан. Кийин Конья анын мекени болуп калган. Соңку өмүрү ошол кездеги селжуктардын ордо калаасы Конья шаары менен байланышат.



Мухаммад Жалал ад-Дин ислам дүйнөсүнүн маданий жана руханий борборлору катары эсептелген Нишапур, Багдад, Мекке, Медина ж.б. шаарларды дервиш катары кыдырган. Эл менен сүйлөшүп, өзүнүн ички дүйнөсүн байыткан жана ал байлыктарын башкаларга тараткан.

Ал фарсий, араб, түрк, грек тилдерин үйрөнүп, алардын баарында жаза билген.






Батышта окумуштуулардын чоң тобу, түркиялык окумуштуулар анын чыгармаларындагы философиялык, этикалык, педагогикалык, теологиялык көз караштарды изилдешти.




Орусияда жана СССРде Е.Э.Бертельс, И.С.Брагинский, В.Гордлевский, В.А.Жуковский, А.Крымский ж.б. чыгыш таануучулар, Тажикстанда А.М.Богоутинов, Х.М.Зиёев, Н.Одилов, М.Т.Мухаммаджонова ж.б. окумуштуулар бул инсанга кайрылды. Ф.Руш "Джалаледдин Руми" аттуу мыкты көркөм-документалдык чыгарма жазган.



Эрнис Турсунов, Эгемберди Эрматов, Кыялбек Урмамбетов, Кемел Белеков, Кубанычбек Басылбеков, Алтынбек Исмаиловдун котормолору аркылуу таанышты.

Биринчиси, медреселерде окуган талабалар анын китептерин оригиналда окуп, таанышкан; экинчиси, чыгыш адабиятынын курамына Жалал ад-Дин Руминин чыгармалары кирген да, ошолор аркылуу кыргыздарга өткөн; үчүнчүсү, ислам адабияттары аркылуу кыргыз элине тараган; төртүнчүсү, оозеки формада ооздон оозго өтүп келген. Кыргыз окурмандары анын чыгармаларын

Месневи – бейт формасында, б.а., уйкаш эки (кош) саптардан куралган чыгарма. Бул эмгекти автор өзү "Курандын чечмелениши", "Залкар түшүнүк" деп да айткан учурлары бар. Китепти шакирттерине айтып берип жаздырып отуруп, бир канча жылдын ичинде 26 660 бейттен турган 6 томдук китеп жазылып бүтөт. Эмгек бүтөрү менен эле медреселердин негизги окуу куралына айланган. Себеби анда кызыктуу, түшүнүктүү тамсилдер, күлкүлүү аңгемелер, макалдар, пайгамбардын хадистери, курандын аяттары арбын болуп, ошолордон автор тарбиялык мораль чыгарган.



Анын мусулман дүйнөсүнө гана эмес жалпы планетага тараган китептери белгилүү. Алар төмөнкүлөр: "Дивани Кебир" ("Улуу жыйнак"). 25 миң сап газелдерден жана 7 миң сап рубаилерден турган бул көлөмдүү китепти "Дивани-Шамс", "Дивани Шамси Табризи" деп да аташат, себеби ал улуу устаты Шамстын таасири менен жазылган. "Маснави".

# Жалал ад-Дин Руминин китептери

